| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЧҮЙ ОБЛУСУ<br>ПАНФИЛОВ РАЙОНУ<br>КАЙЫНДЫ ШААРДЫК<br>КЕҢЕШИ |  | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН<br>КАИНДИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ<br>КЕНЕШ |
|---|---|---|

**ТОКТОМ**
**ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

26.12.2023 ж. № 90/XXV – 6

**Кайынды шаарынын Краснооктябрьская № 2 жана 4 дарегинде жайгашкан эки көп кабаттуу үйлөрдү Кайынды шаарынын мэриясынын балансына алуудан баш тартуу жөнүндө**

Кайынды шаарынын мэриясынын «Кайынды шаарынын Краснооктябрьская № 2 жана №4 дарегинде жайгашкан эки көп кабаттуу үйлорду балanска алуу” жөнүндө катын карап чыгып, бул маселени мурда каралганын белгилеп, «Жамияати Ассалам Лил Аль Амал Аль Инсанийт Вал Хайрия» коомдук кайрымдуулук фонду бул эки көп кабаттуу үйдү реконструкциялоодо бир нече жолу кемчиликтер аныкталганын, кайрымдуулук фонду бул турак жайлардын менчик ээси экендигин жана турмуштук оор кырдаалда турган аз камсыз болгон жарандарга турак жайды белек же кайрымдуулук түрүндө берүүгө укуктуу экендигин эске алуу менен Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө”Мыйзамынын 27-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктунун, 1-пунктунун 2-бөлүгүнүн 34-беренесинин, 67 – беренесинин, Кыргыз Республикасынын "Муниципалдык менчик жөнүндө" Мыйзамынын 5-беренесинин 3-бөлүгүнүн негизинде, Кайынды шаардык кеңешинин депутаттарынын сессиясы токтом кылат:

1. Кайынды шаарынын мэриясына Кайынды шаарынын Краснооктябрьская № 2 жана 4 дарегинде жайгашкан эки көп кабаттуу үйлөрдү балanска алууга макулдук берилбесин.
2. Бул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Чүй-Бишкек юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө милдети Кайынды шаардык кеңешинин социалдык маселелер боюнча туруктуу депутаттык комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Э.Т. Иманкулов**